УДК:165.9.(575.2)(043.3)

**Абдразакова Г. Ш.**
филология илимдеринин доктору
*Ж.Баласагын атындагы КУУнун*
*Кыргыз тил илими кафедрасынын профессору*

## КЫРГЫЗ ЭТНОМАДАНИЯТЫНЫН ӨЗӨГҮН ТҮЗГӨН НЕГИЗГИ СӨЗДӨРДҮН АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛ ИЛИМИНДЕ ИЗИЛДЕНИШИ

**Абдразакова Г. Ш.**
доктор филологических наук
*Кыргызский национальный университет*
*имени Ж. Баласагына,*
*профессор кафедры кыргызского языкознания*

## ИССЛЕДОВАНИЕ КЛЮЧЕВЫХ СЛОВ СОСТАВЛЯЮЩИХ ЯДРО КЫРГЫЗСКОЙ ЭТНОКУЛЬТУРЫ В СОВРЕМЕННОМ КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

**Abdrazakova G. Sh.**
Doctor of Philology
*Kyrgyz National University*
*named after J. Balasagyn*
*Professor of the Department of Kyrgyz Linguistics*

## RESEARCH OF KEY WORDS CONTAINING THE CORE OF KYRGYZ ETHNOCULTURE IN THE MODERN KYRGYZ LANGUAGE

**Аннотация.** Макалада кыргыз этномаданиятынын өзөгүн түзгөн негизги сөздөрдүн азыркы кыргыз тил илиминде изилдениш орду каралат. Сөздү изилдөөнүн багыттары аныкталып, ага жаңыча өңүттөн комплекстүү талдоо жүргүзүү кыргыз тилиндеги бир нече материалдар менен далилденет.

**Негизги сөздөр.** Тил, сөз, лексема, фразеология, паремиология, макал, мазмун, маданият, дүйнө таанымы, тилдик маданият таануу.

**Аннотация.** В статье исследуются ключевые слова, составляющие ядро кыргызской этнокультуры в современном кыргызском языкознании. Определены основные направления изучения слова, а комплексный анализ его с новой стороны подтверждается материалами на кыргызском языке.

**Ключевые слова.** Язык, слово, лексема, фразеология, паремиология, пословица, содержание, когниция, лингвокультурология.

**Abstract.** The article examines the place of studying keywords that form the core of Kyrgyz ethno culture in modern Kyrgyz linguistics. The directions for studying the word have been determined, and several materials in the Kyrgyz language confirm a comprehensive analysis of it from a new perspective.

**Key words.** Language, word, lexeme, phraseology, paremiology, proverb, content, cognition, linguoculturology.

Тил дүйнө жөнүндөгү бардык билимдерди маалымат катары туюндуруучу негизги фактор болуп эсептелет. Анын негизги каражаты – сөз. Лексикалык бирдик – сөздүн ички мазмунунда чындык же анын фрагменти жөнүндө ар кандай көлөмгө ээ маалыматтар камтылган болот. Түрдүү мазмундуу маалыматтарды туюндуруучу негизги сөз буга чейин салттуу грамматикалык изилдөөлөрдүн объектиси катары ар тараптан изилденип келгени баарыбызга маалым. Учурда сөз тил илиминде изилдөөнүн жеке объектиси катары башкачараак өңүттөн каралууда. Бир сөздү комплекстүү изилдөөгө алуу, анын лексикалык, грамматикалык маанисинен мазмун жаратуучу функциясына, өзгөчө дүйнө таанымдык белги-касиеттерине

чейин терең талдоо максаты бүгүнкү күндө кыргыз тил илиминде ар тараптан изилдөөнү талап кылган, илимий теориялык, методологиялык негиздерин тактай турган татаал маселелерден.

Сөз – лексика-семантикалык, структуралык функциясында тике, туунду, өтмө, метафоралык ж.б. маанилерге ээ татаал кубулуш. Ошол эле учурда элдин бир нечелеген кылымдык тарыхындагы белги-касиеттер тууралуу мазмундуу маалыматтарды туюндуруу мүмкүнчүлүгүнө ээ, динамикалык мүнөздөгү лексикалык бирдик экендиги белгилүү. Бирок сөзгө интралингвистикалык жана экстралингвистикалык өңүттөрдөн комплекстүү изилдөө жүргүзүү жаңыча көз караштı, жаңыча мамилени жаратууда. Кийинки учурларда сөз улуттук аң-сезимдин, дүйнө таанымдын негизинде көптөгөн билимдердин, таанымдардын "уюткусу" катары кызмат аткарса, тил илиминде андай сөздөр «негизги сөздөр» катары каралып,, ага жаңыча өңүттөн илимий изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. Мындай негизги сөздөрдө ошол элдин маданияты, жашоо-тажрыйбаларынын өзгөчөлүктөрү көрсөтүлөрү илимий көз караштар аркылуу ар түрдүү пикирде айтылып келет. Негизги сөздү комплекстүү изилдөөгө алуу концептти изилдөө менен тикеден-тике байланыштуу. Бул оюбузду бекемдөө үчүн орус окумуштуулары А. Д. Шмелев, В. А. Маслова, Анна Вежбицкая, М. В. Пименова, кыргыз окумуштуулары З. К. Дербишева, У. Ж. Камбаралиева ж.б.лардын илимий көз караштарына токтолуп көрөлү. Маселен, А. Д. Шмелёв өзүнүн пикиринде «эгер сөздөр маданиятта болгон кандайдыр бир өзгөчөлүктөрдү түшүндүрүү үчүн "негиз" болуп берсе, башкача айтканда, семантикалык талдоо жана аларды колдонуунун өзгөчөлүктөрү маданияттын өзү, анын дүйнө көрүүсү үчүн мүнөздүү болгон баалуу көрсөтмөлөр ж.б. жөнүндө кандайдыр бир нерсени айтып жатса, тилдеги андай сөздөр белгилүү бир маданиятты тейлөө үчүн "негизги" болуп эсептелишет», - деп билдирет. [1, 12; 2, 17-б.]. Ал эми В. А. Маслованын пикирине ылайык, «тил – маданияттын фактысы, тил – биз мурастаган маданияттын түзүмдүк бөлүгү жана ошол эле учурда анын куралы. Элдин маданияты тилде вербалдашат, тил гана аны белгилерге – сөздөргө айландыруу менен, маданияттын негизги концепттерин өзүнө топтойт» [3, 62-б.]. Негизги концепт жөнүндөгү өзүнүн оюн орустун тилчи-окумуштуусу М.В.Пименова төмөндөгүчө билдирет: "Ключевым можно считать тот концепт, который встречается в частотных общеупотребительных формах языка – словах, словосочетаниях, фразеологизмах, пословицах и поговорках, загадках... Концепт – это некое представление о фрагменте мира или части такого фрагмента, имеющее сложную структуру, выраженную разными группами признаков, реализуемых разнообразными языковыми способами и средствами" [4, 11-б.]. Ошондой эле австралиялык тилчи-окумуштуу Анна Вежбицкаянын пикири боюнча, негизги сөздөр "... отражают и передают образ жизни и образ мышления, характерный для некоторого данного общества (или языковой общности), и что они представляют собою бесценные ключи к пониманию культуры» [5, 283-б.] – деп бааланат. Натыйжада, ушул сыяктуу илимий изилдөөлөрдүн негизинде белгилүү бир маданияттагы баалуу жана өзгөчө деп эсептелген түшүнүктү атоочу негизги сөз билимдер жана таанымдардан турган мазмундуу маалыматка ээ концепт катары теориялык-методологиялык жана практикалык жактан талдоого алынууда. Ошондой эле белгилүү бир маданияттын өзгөчөлүгүн көрсөткөн негизги сөздөр концепттер катары З.К. Дербишеванын эмгегинде да атайын бөлүнүп көрсөтүлөт. Маселен, табият концепттери: тоо, суу ж.б.; улуттук-маданий концепттер: боз үй, комуз, ак калпак ж.б. [6, 32-б.]. В.А.Маслова мындай концепттерди бүтүндөй бир тилдик маданият таануу тармагы жана жеке адам үчүн экзистенциалдуу маанилүүлүккө ээ «маданияттын негизги концепттери» деп атайт. Анын пикири боюнча, маданияттын негизги концепттери болуп жалпыланган (абстракттуу) түшүнүктөр да, маселен, чындык, тагдыр, уят, эркиндик, убакыт, мейкиндик ж.б. эсептелет [3, 51-б.]. Когнитивдик лингвистика илимий багыты боюнча изилдөө жүргүзгөн окумуштуу У. Ж. Камбаралиеванын көз карашында «концепт – калктын дүйнөгө көз карашын жана дүйнө таанымын репрезентациялаган жана аны менен бирге ошол маданият үчүн актуалдуу жана баалуу болуп эсептелген феномен» деп (Бабаева, 1996, Карасик, 1996; Прохвачева, 1996 ж.б.) бир нече эмгектерге таянуу менен белгилейт [7, 84-б.]. Биздин көз карашыбызда, улуттук аң-сезимде өзгөчө мааниге ээ *тоо, суу, жер, убакыт, мезгил, чындык* ж.б. көптөгөн негизги түшүнүктөр кыргыз тилдик маданият таануудагы жеке адамдын

жана жалпы жамааттын дүйнө таануусун, билимин чагылдырган актуалдуу жана баалуу негизги концепттер болуп эсептелет. Алар кыргыз маданиятынын, дүйнө таанымынын чегиндеги тилдик билимдерге жана таанымдарга ээ, тилдик бай факты-материалдар менен жык толгон мазмундуу маалымат катары талдоого алынат. Концепт – бул «маданияттын уюткусу» (сгусток культуры) (Ю.С.Степанов). Концепттин бирдиктери – сөз (лексема), сөз айкашы, сүйлөм, фразеология, паремиология (В. А. Маслова, М. В. Пименова, Р. Р. Замалетдинов, З. К. Дербишева ж.б.). Демек, сөз, лексема – лексикалык негизги бирдик катары да, концептологиялык изилдөөлөрдө концепттик бирдик катары колдонулат. Бул көз карашыбызды бекемдөө үчүн профессор З. К. Дербишеванын илимий жеке талдоосуна токтолуп көрөлү: "Өмүр" концепти *тилде жашоо, турмуш, өмүр, оокат, тиричилик ж. б. лексикалык номинативдик бирдиктер менен ишке ашат. Мисалы, өмүр лексемасы, тиричилик лексемасы, күн лексемасы* [6, 34-35-б.], Ушундай эле илимий жеке талдоо профессор У. К. Камбаралиеванын эмгегинде да жолугат. Маселен, окумуштуунун көз карашы боюнча «*"убакыт/время" концептосферасында* ошол эле учурда *убакыт жана время* лексемаларынын лексика-семантикалык варианттарын аныктоочу мүнөздөмөлөр...» талдоого алынат [7, 246-б.].

Белгилүү бир маданият үчүн өзгөчө маалыматтарга бай, маани-мазмунга ээ концептке талдоо жүргүзүүдө тилдеги сөздөрдүн, фразеологизмдердин, паремиялардын ички формасын аныктоого таянуу абзел. Башкача айтканда сөздөрдүн маанилеринин андан ары тереңдешине алып барган тилдик системадагы сөздүк элементтер менен адам аң-сезиминин ортосундагы семантикалык мамилелер эсепке алынышы керек [8, 190-б.]. Сөздөрдүн, фразеологизмдердин, паремиялардын маанилеринен дүйнөнү категориялаштыруу, бөлүштүрүү эле эмес, алардын маңызын бөлүп көрсөтүү, ошондой эле мазмундаштыруу иш-аракети баалуу болуп эсептелет. Маселен, башка тилдерде эквиваленттүүлүккө ээ «тоо» концепти кыргыз улуттук дүйнө таанымында мазмундуу маалыматтарды жаратууда көп колдонулуп, көптөгөн билимдерди алып жүрөт. Менталдык түшүнүктөрдү жаратууда колдонулуучу символ болуп эсептелет. Кыргыз элинин жашоо образын, дүйнө таанымын аталган концептсиз элестетүүгө мүмкүн эмес.

Маселен, айрым тилдердеги негизги концепттердин катарына «тоо» концепти кирет. Бирок «тоо» түшүнүгүнө байланыштуу ар бир элдин бири-бирине окшошкон же таптакыр окшошпогон өзгөчөлүктөргө ээ ой бүтүмдөрү бар. Кыргыз этносун, маданиятын, маданий баалуулуктардын системасын бул концептти эске алып талдамайынча адекваттуу түрдө аныктап чыгууга, «тоо» концептинин тиешеси жок эле жаратылыш дүйнөсүндөгү же артефактылар дүйнөсүндөгү нерселерди аныктоого мүмкүн эмес. Кыргыз тилиндеги паремиологиялык бирдиктерде, фразеологизмдерде *бийик тоо* лексемасы – адамдык жүрүм-турум, өз ара мамиле, адамдын коомдогу ордун мазмундаштырууда символ катары байма-бай колдонулат. Маселен, *таянган тоосу бийик* – колдогон, ишенген кишиси бар деген мааниде колдонулган фразеологизм. *Айыптабас салтты эскерте каккан тилмечтин таянган тоосу бийик экенин туя ...тилин тиштей токтоду (Бейшеналиев)* [9, 672-б]. Ар кандай карама-каршылыктарда, кыйын кырдаалдарда, маселе чечерде бел болор, жардам берер, колдоп турар күчтүү, бийик жакын адамы тууралуу айтылат. Ошондой эле, индивидуалдык аң-сезим аркылуу жеке дүйнө таанымдарда ар кандай образдардын негизинде тоонун бийиктиги ар кандай символдуулукка ээ.

*Тоону томкоруу* – иштин майын чыгара иштөө, колунан кандай гана иш болбосун, бүткөрүп салуу. Мис., *Силердей жаш болсом, тоону томкоруп, иштин жүрөгүн түшүрбөс белем дейт* (Аалы) [9, 691-б]. *Иштин жүрөгүн түшүрүү* – кадыресе, бейтарап мааниде эмес, өтмө, экспрессивдик, күчөтүү маанисиндеги көркөм каражат, стилдик боёкчо катары колдонулган. Анда иштин *баарын бүтүрүп коюу, тынбай эмгектенүү, талбай иштөө* ж.б. коннотациялык маанилер бар.

*Тооң бийик болсо, ыргыткан ташың алыс түшөт* [10, 420-б.] мазмундуу маалыматынын негизги мааниси кыргыз элинин жашоо-тажрыйбасындагы иш-аракеттерден, адамдар аралык мамилелерден улам келип чыккан. Эгерде колдогон, ишенген кишиң бар болсо, бийик тоодой караан болуп турса, аны бел кыласың, өзүңдү эркин сезесиң, ага таянасың. Ал сенин сезимиңде демиңе-дем кошот, ийгиликтерди жаратууда анын элесине таянасың, анын алдында өзүңдү жоопкерчиликтүү алып жүрүүгө умтуласың ж.б. Анын жыйынтыгы көп ийгиликтерди, жемиштүү жетишкендиктерди алып келет, сенин коомдогу ордуңду жогорулатат. Ал эми мындай

шарттарда башкаларга карата сөзүң-айткан кебиң да өтүмдүү болуп, кадыр-барк топтойсуң, сый-урматка ээ болосуң деген подтексттик маалыматтар камтылган.

*Тоону бийик дебе, талаптансаң чыгарсың, жоону күчтүү дебе, кайраттансаң жыгарсың* [10, 420-б.] деген макал да адамдын психологиялык жактан ишенимдүүлүгүн бекемдөөгө багытталып, күчтүүлүккө, кайраттуулукка, бекемдикке үндөй алат. Маселен, айрым адамдар алдыга максат коёт, бирок аны аткаруу өтө оор, кол жеткис тоонун бийиктигиндей сезилип, коркунуч сезимин пайда кылат. Ал эми максатты коюу менен аны аткарууга талаптанса, тынбай аракеттенсе, эмгектенсе, изденсе, ар кандай кырдаалдарды жеңе билсе, демек, ага жетет деген маанини туюндурат. Ал эми адамдын өзүндөгү жалкоолук, коркоктук, өзүнө-өзү ишенбөөчүлүк, алсыздык биринчи кезектеги өзүнүн душманы болуп саналат. Мына ушул сапаттарды кайраттуулук менен жеңе билсе, демек жоону жыккандыгы менен барабар деген маанини туюнууга болот.

Ошондой эле кыргыздардын турмуш тажрыйбаларынан улам *"Тоодой сөздү бергиче, берметтей ишти бер"* [10, 419-б] деген макал да колдонулат. Айрым адамдар кеби менен тоонун бийиктигиндей бийик, улуу нерселерди жаратарын айтышып же куру убада беришип, элди ынандырганга аракет кылышат. Бирок эмгекке, ишти аткарганга келгенде максаттарына жете албай убараланышат, иш жүзүнө ашыра алышпайт. Ал эми акылдуу адамдар улуу, бийик нерселерди жаратуу үчүн жөн гана эмгектенишет. Кичинекей иш кылса да аны таза, так, адал эмгек жумшап (берметке салыштырылган) аткарышат. Кеби менен эмес иши менен элге пайда алып келишет деген подтексттик маалыматтарды туюнууга болот.

«Тоо» концепти кыргыздардын жашоо тажрыйбаларында, иш аракеттеринде көп колдонулуп, туруктуу сөз айкаштарын, макалдарды жаратууда тилдик символ катары катышат. Мисалы, *Иш сүйгөн колдон тоо кулайт, иш качкан колдон куурай да сынбайт.* [10, 280-б.]. Эмгекчил адамдар иштермандыгы менен тоодой бийик, тоодой көп, тоодой күчтүү нерселерди да багынта алышат, ал эми жалкоо адамдын колунан эч нерсе келбейт деген маанини берип турат. Бул жерде эмгекчил менен жалкоо антонимдик катышты түзүп турат да, аларга баа берүүдө тоо менен куурай образ катары колдонулуп, тоо оң ал эми куурай терс коннотациялык маанилерди жаратууга негиз болгон.

*"Башыңа тоо түшсө да, чымындай көр"* [10, 179-б.] деген макалдын мааниси адам баласынын башына түшкөн оор мүшкүл иш же ар кандай оор кырсыктар тоонун салмагына салыштырылып, адамдын психологиялык жактан муң-кайгы, капа болуу, чөгүү, басынуу ж.б. жагдайларга дуушар болушунун, дегредацияланышынын алдын алууда колдонулган. Көтөрүмдүү болуу, күчтүү болуу, жеңе билүү, өзүн-өзү жоготпоо, жеңил ойлуулукка алдырбоо, адашпоо, бийик болуу ж.б. коннотациялык маанилерди туюнууга болот.

Кыргыз тилдик дүйнө таанымда *акыл* сөзүнүн грамматикалык жалпы категориялык белгилик мааниси "бийик", "терең", "күчтүү" ж.б. сын-сыпаттык маанилер менен коштолот. Акылды баалоодо тоонун образын колдонуу басымдуу. Тоо – бийик, акылы – бийик лексемалары параллелдүү түрдө салыштырылып, мазмундуу маалыматка ээ текст жаралган. Маселен, *"Тоо чоңдугу менен бааланат, адам акылы менен бааланат"*, *"Тоонун чокусу бийик, адамдын акылы бийик",* [10, 419-420-б] мазмундуу маалыматтары текст катары колдонулган. Аталган мазмундуу маалыматтар – кыргыз элинин кылымдардан берки жашоо тажрыйбасын, жүрүм-турумун чагылдырып, муундан-муунга мурас катары сакталып келген макалдар. Жогорудагы паремиологиялык жана фразеологиялык бирдиктерде «тоо» концепти мазмундуу маалыматты туюндурууда өзөк маанини уюштурууга катышып, тилдик симол катары колдонулду.

Ошентип, тилдеги фразеологиялык, паремиологиялык бирдиктердин жыйындысы тилдик маданият таануу үчүн талашсыз кызыгууну жаратат [8, 163]. Паремиялык бирдиктер кыргыз элинин ойломунун өзгөчөлүгүн, билимдерин, таанымдарын аныктоодо кыргыз тилдик маданият таануудагы негизги концепттерди изилдөөгө мүмкүнчүлүк түзөт. Макал-ылакаптар кыргыздардын кылымдардан берки байкоолорун жана тажрыйбаларын жалпылаштырып, жашоо эрежелерин калыпка салат. Аларды коом тарабынан кабыл алынган жана социалдык жактан маанилүү мыйзамдардын катарына коёт.

**Адабияттар:**

1. Шмелев, А. Д. Ключевые идеи русской языковой картины мира / А. А. Зализняк, И. Б. Левонтина, А. Д. Шмелев. – М.: Яз. славян. культуры, 2005. – 544 с., 17-б.:
2. Шмелев А.Д. Русская языковая модель мира. - М.: Языки славянской культуры, 2002. – 224.
3. Маслова, В.А. Лингвокультурология, – М.: Академия, 2001. – 204 с.
4. Пименова, М. В. Душа и дух: особенности концептуализации. – Кемерово, 2004. – 385 с.
5. Вежбицкая, А. Понимание культур через посредство ключевых слов. [пер. с англ. А. Д. Шмелёва]. – М.: Яз. славян. культуры, 2001. – 288 с. 283-б.
6. Дербишева, З.К.Ключевые концепты кыргызской лингвокультуры. – Бишкек: Б.и., 2012. – 176 с.
7. Камбаралиева, У. Д. Когнитивдик тил илими [Текст] / У. Д. Камбаралиева. – Бишкек: [б-сыз], 2019. – 324 б.].
8. Замалетдинов, Р.Р. Национально-языковая картина татарского мира: дис. ...докт. филол. наук / Р.Р.Замалетдинов. – Казань, 2004. – 499 с.
9. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү. / түз. Ш. Жапаров, К. Конкобаев, Ж. Осмонова. – Бишкек: Импак Офсет, 2015. – 800 б.
10. Эр Эшим. Макал-лакаптар. 13-том. Баш сөзүн жазгандар: М.Мукасов жана М.Көлбаева. – Бишкек, 2016. – 504 б. 2.